КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 7- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 28-апрели № 41 Оргочор айылы

**Оргочор айыл аймагынындагы "Тилекмат аке менен Сарт акенин" айкелдери турган жери жөнүндө**

Оргочор айыл аймагынындагы Кален Жетимишбаев атындагы "Тарыхый-мекен таануу" музейинин маңдайындагы "Тилекмат аке менен Сарт акенин" айкелдери турган жерге башка айкелдерди жана моло таштарды орнотуу пландалып жатканы боюнча Тилекмат аке жана Сарт акенин аксакалдарынын ооз эки кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү кеңештин депутаттары А.Тыныбеков, С. Асаналиев жана Р.Баракановдун билдирүүлөрү угулуп, талкууланып, эки акенин урпактары менен макулдашуу жүрбөгөндүгүн эске алуу менен жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. "Тилекмат аке менен Сарт акенин" айкелдери турган жерге башка айкелдерди жана моло таштарды орнотуу пландалып жатканына аксакалдардын ооз эки кайрылуусунун негизинде каршы экендиги эске алынсын.
2. Кален Жетимишбаев атындагы "Тарыхый-мекен таануу" музейинин маңдайындагы "Тилекмат аке менен Сарт акенин" айкелдери турган жерге башка акелердин айкелдерин жана моло таштарды орнотууга тыюу салынсын.
3. Буга чейин орнотулган моло таштарды тазалатуу иштери ыкчам аткарууга алынсын.
4. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына, Кален Жетимишбаев атындагы "Тарыхый-мекен таануу" музейииине, Тилекмат аке менен Сарт акенин аксакалдарына кабыл алынган чечим маалымат иретинде жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин депутаттарына жана Оргочор айыл өкмөт башчысынын орун басары-жоопту катчысы М.Алиевге тапшырылсын.

Төрага А.Тыныбеков